# ЖАҢЫЛАНГАН МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТ

1. Стандарт деген эмне
2. Мамлекеттик стандарт
3. Мамлекеттик стандарттагы терминдер
4. Мамлекеттик стандарт(предметтер)
5. Предметтик стандарт
6. Предметтик стандарттагы терминдер
7. Компетенттүүлүк деген эмне
8. НК (негизги компетенттүүлүк)
9. ПК (предметтик компетенттүүлүк

- **стандарт** (англ. standard – ченем, үлгү) – стандартташтыруу объектисине карата ченемдердин, эрежелердин, талаптардын комплексин белгилөөчү ченемдик-техникалык документ. С. өз ичине мамлекеттик стандартты, санитардык ченемдер менен эрежелерди, курулуш ченемдери менен эрежелерин жана товардын (жумуштун, кызмат көрсөтүүнүн) сапаты боюнча милдеттүү талаптарды мыйзамга ылайык белгилеген башка документтерди камтыйт.

- Жаңыланган Мамлекеттик билим берүү стандарты азыркы мектеп реформасынын өзөгү болуп эсептелет.
- Алгач, Мамлекеттик билим берүү стандарты деген эмне? Ушуга жооп берип алсак. Мамлекеттик билим берүү стандарты деген -бул мамлекет өзүнүн бардык атуулдарына милдеттүү түрдө камсыз кылуучу билим берүүнүн минималдуу, алгачкы,түпкү деңгээли болуп эсептелет.
  Бул деңгээлден төмөн түшүүгө болбойт, ошол деңгээл гана адамга өз алдынча билимин улантууга, өзүнүн турмуш жолун туура аныктап алууга мүмкүндүк берет. Демек, стандарт – коом тарабынан ар бир атуулга кепилдене турган билимдүүлүктүн мамлекеттик нормасы. Мындай норма окуучулардын билим деңгээлин өлкөнүн ичинде жана андан тышкары жерде салыштырып баалоого мүмкүндүк берет.

# ЖАҢЫ СТАНДАРТТЫН МАКСАТЫ — КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУУЧУ

Билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандарты Өкмөт тарабынан кабыл алынып, ал 2014-жылы бекиген. Ал стандарт билим берүүнүн реформасын аныктаган негизги документтердин бири. Анткени буга чейин окутуунун мазмунун аныктаганда билимге басым жасалса, эми азыр билимдин натыйжасына, окутуу процессинде балдар алган билимин турмушта колдоно алабы, т.а. жаңы предметтик стандарт окуучунун мектепте алган билимин иш жүзүндө пайдалана билүүгө багытталат. Мурда билим алып чыгып кете берсе, эми аны турмушта пайдаланганга үйрөнөт. Ал эми башталгыч класстын мугалимдери жаңы стандарт боюнча окутуудан өтүштү. Эки жылдын ичинде 11789 адам, анын ичинен 11330 мугалим, калгандары – директорлордун орун басарлары жана рай/шаар билим берүү бөлүмдөрүнүн адистери окутулду

# Мамлекеттик стандартта кандай терминдер камтылган?



## Мамлекеттик стандарттагы терминдер:

- Баа
- Баа берүү
- Баалоо
- Базалык мазмун
- Базистик окуу планы
- Билим берүү тармагы
- Билим берүүнүн сапаты
- Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты
- Индивидуалдык билим берүү траекториясы
- Инклюзивдик билим берүү
- Компетенттүүлүк
- Маалыматтык компетенттүүлүк
- Натыйжалар (билим берүүчүлүк)
- Негизги компетенттүүлүк
- Окутуунун максаттары
- Окутуунун технологиялары
- Окуу материалдары
- Окуу программасы
- Өзүн-өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү компетенттүүлүгү
- Предметтик компетенттүүлүктөр
- Социалдык жана коммуникативдик компетенттүүлүк



- Мектеп программасындагы бардык предметтер.
- 1.математика
- 2.информатика
- 3.физика
- 4.орус тили жана адабияты
- 5.кыргыз тили жана адабияты
- 6.химия
- 7.биология
- 8.тарых
- 9.англис тили
- 10.география
- 11.табият таануу
- 12.дене-тарбия
- 13.изо
- 14.музыка
- 15.көркөм өнөр
- 16.АЧД
- 17.эмгекке үйрөтүү

- Компеттенттүүлүк – биз айтып жүргөн билим-билгичтик көндүмдөр ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга, биздин балдарыбыздын жашоо шартына пайдаланып кетүүсү, анын тааныш жана тааныш эмес кырдаалда алып кетүүсү. Предметтик компетентүүлүктөр билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат. Ошол топтомго ээ болуп, аны туура пайдаланганды билсе, үйрөнсө биз баланы турмушка, кесипке, эмгек рыногуна даярдыгын аныктасак, же болбосо ошону калыптандырсак өзүбүздүн максатыбызга жеттик десек болот.

- Бизде предметтик стандарттын модели түзүлгөн деп айтсак болот. Ал төрт бөлүмдөн турат:
- 1. Жалпы жоболор; 2. Предметтин концепциясы;
- 3. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо;
- 4. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар.

- Окуу материалдын татаалдык деңгээли боюнча мазмундук тилкелерде бөлүштүрүлгөн (кесип өтүүчү сызыктар). Түйүндүү компетенттүүлүктөр менен предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы бар. Бул компетенттүүлүктөрдүн калыптанышынын үч деңгээлинде бөлүп көрсөтүлгөн. Окуу материалдарынын мазмундук түзүмдөргө жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлгөн жана ар бир класска деңгээлдер боюнча берилген. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар да аныкталган.
- Бул предметтик стандарттарда бир нече талаптар коюулуп атат, окуу процессине, окуу ресурстарына, предметтик маалыматтарды түзүүдөгү структурасына, ошондой эле окуудагы күтүлүүчү натыйжаларга.

- Жаңы предметтик стандарттын мурдагыдан өзгөчөлүктөрү – ар бир предметтик мазмундук тилкелер (линия) белгиленген. Мазмундук тилке боюнча материалдар класстан класска жөнөкөйдөн татаалдашып кетет. Эң негизгиси – бул жаңы предметтик стандарттарда компетенттүүлүктүн негизинде түзүлгөндө, ар бир предметте ар бир предметтин өздүк компетенциялары, ошондой эле мамлекеттик стандартта негизги базалык компетенттүүлүктү да чечүүгө экөөнүн ортосундагы байланыштар да белгиленген. Компетенттүүлүктүн негизинде түзүлгөн стандарттардын дагы бир өзгөчөлүгү – күтүлүүчү натыйжанын деңгээлдери аныкталган. Бул үч деңгээл – репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү. Ар бир деңгээлге өзүнүн аныктамасы берилген. Күтүлүүчү натыйжанын дагы мазмундук тилкеге жараша ар бир класс, ар бир предмет боюнча бир нече предметтик компетенттүүлүккө негизделеген күтүлүүчү натыйжалар жазылган

# Предметтик стандарттын зарылдыгы эмнеде?



**Предметтик стандарт** **базалык** жана **автордук** программалар менен окуу китептерин түзүүгө негиз болуп берет жана багыт катары кызмат кылат. Мугалимдин позициясын жана чыгармачыл потенциалын, окуучулардын индивидуалдык жөндөмдүүлүктөрүн, кызыгууларын, муктаждыктарын, билим берүү уюмунун материалдык базасын, жергиликтүү социалдык шарттарды, улуттук каада-салттарды, эмгек рыногунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен автордук окуу курсун түзүүгө карата ар кандай жолдорду ишке ашырууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Предметтик стандарт билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын предметти окутуунун **максаттары**, **мазмуну**, ошондой эле окуу каражаттары аркылуу окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиялары тууралуу маалымат алуусун камсыздоо менен бирге,

предметтин **мазмундук** жана **тематикалык** багыттарын аныктайт,

предмет аралык байланыштарды,

**негизги** жана **предметтик** компетенттүүлүктөрдү,

окуу процессинин логикасын, ошондой эле окуучулардын жаш өзгөлүктөрүн эске алуу менен бөлүмдөр боюнча окуу сааттарынын болжолдуу бөлүнүшүн жана аларды окутуунун ырааттуулугун камсыз кылат.

# Стандарт эмненин негизинде түзүлгөн?



Стандарттар төмөнкү **нормативдик документтердин** негизинде түзүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы. - Бишкек, 2003-ж.
- КР жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтерди окутуунун Концепциясы (2015-ж. май айында жаңыланган).
- «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому.
- Кыргыз Республикасын 2013-2017-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясы;
- Кыргыз Республикасын 2013-2017-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясын ишке ашыруу боюнча Өкмөттүн программасы;
- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдары үчүн Базистик окуу планы.

# Предметтик терминдер

- Алгоритм
- Долбоор
- Интернет
- Информатика
- **Информация жана коммуникациялык технологиялар (ИКТ) –**
- **Кибернетика**
- **Модель**
- **Объект**
- **Программалык кам**
- **Система**



# Предметтин методологиялык негизи деген эмне?



- Методология-илимий изилдөө ишинде ошол ишти жазуу үчүн жол көрсөтө турган, таяныч бере алчу мурда түзүлүп калган илимий билимдердин жыйындысы.Азыркы биздеги бардык илимдердин методологиялык негизи болуп маркстык-ленининдик философия эсептелет.Ошондой эле окумуштуу изилдөөгө алып жаткан проблема үчүн ал багыттагы мурда изилденген, жалпыланган теориялык эмгектерди окуп-үйрөнүп, алардан жалпы багыт алат.

Предметтин методологиялык негизин **компетенттик** жана **системалык-ишмердүүлүк** мамиле түзөт.

**Компетенттик мамиле** түшүнүгүнүн маңызы жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктардын алкагында окуучуларда коом үчүн, анын жеке өзү үчүн зарыл болгон компетенцияларды калыптандырууда жана өнүктүрүүдө турат. Стандарттын биринчи мууну «билимге ээ болуучулук», «билим алуучулук» парадигмасына ылайыкталгандыгына күбө болсок, эми учурдагы зарылчылык – стандарттын жыйынтыктуулук, кайтарымдуулук, б.а. «ишмердүүлүк» парадигмасына негизделиниши белгиленди.

**Бүгүнкү биз жашап жаткан мезгилдин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катары** бизди курчап турган айлана-чөйрөдө токтоосуз өзгөрүүлөрдүн болуп турушу. Жашоонун мындай шарттарында адамдын профессионалдуу мобилдүүлүгүн, маалымат технологиялары менен бирге башка көптөгөн жаңы технологияларды өздөштүрүүгө даярдыгын камсыз кыла турган негизги билим берүү абдан маанилүү болуп саналат. Инсанды коомдогу болуп турган ылдамдыгы өтө тез өзгөрүүлөргө даярдоо муктаждыгы окуучулардагы ой жүгүртүүнүн ар түрдүү формаларын, окуучуларда өздүк билим алуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жөндөмдүүлүгүн, алардын ишмердүүлүгүнүн жашоо позициясына багытталуусун калыптандырууну талап кылат.

# Компетенттүүлүктөр:

Мектепте предметтерди окутууда окуучулар **негизги** жана **предметтик** компетенттүүлүктөргө ээ болушат.

Компетенттүүлүк – (*лат.* ылайык келүү, шайкештик) – белгилүү бир кырдаалдарда (окуу, инсандык, кесиптик иште) окуучунун билимдерди, ыктарды жана жөндөмдүүлүктөрдү жана алардын ар кандай элементтерин өз алдынча колдоно алуучу өзүнүн көп кырдуу жөндөмү.

Негизги компетенттүүлүктөр конкреттүү предметтин мазмунунда калыптанып, ишке ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген билимдин натыйжалары болуп эсептелет. Негизги компетенттүүлүктөр көп функциялуулугу менен айырмаланат.



- **Ушуга байланыштуу негизгилер катары төмөнкү үч компетенттүүлүк каралат** :
- **1)** ***маалыматтык компетенттүүлүк*** – өз ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана ишке ашыруу, аргументтүү тыянактарды чыгаруу үчүн маалыматты пайдаланууга болгон даярдык. Маалымат менен иштей билүү төмөнкүлөрдү: жетпеген маалыматты максаттуу издөөнү, айрым фрагменттерди салыштырууну; бүтүн алып анализдөө көндүмдөрүнө ээ болууну; божомолдорду (гипотезаларды) коё билүүнү карайт. Адамга сынчыл ой жүгүртүүгө негизделген маалыматтын негизинде ойлонулган чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет.
- **2)** ***социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк*** – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен шайкеш келтирүү, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык ж.б.) сыйлуу мамиленин негизинде өз көз карашын цивилизациялуу коргоого болгон даярдык. Диалогдо керектүү маалыматты алуу жана инсандык, социалдык жана кесиптик проблемаларды чечүү үчүн аны оозеки жана жазуу жүзүндө туюнта билүү зарылдыгы. Милдеттерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүндүк берет.
- **3)** ***өзүн-өзү уюштуруу жана маселелерди чечүү компетенттүүлүгү*** – маалыматта, окуудагы жана турмуштук кырдаалдардагы карама-каршылыктарды табууга жана ар түрдүү ыкмаларды өз алдынча жана башка адамдар менен өз ара биргелешип колдонууга, ошондой эле андан аркы аракеттер тууралуу чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык.
- Компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлдерин аныктоо үчүн негиз болуп окуучунун өз алдынчалыгынын деңгээли жана маселени чечүүдө ишмердүүлүктүн пайдаланылган түрлөрүнүн татаалдыгы эсептелет.

- **Ар бир калыптануунун үч деңгээли белгиленген.**

**Биринчи деңгээл (репродуктивдүү)** окуучулардын үлгү боюнча (аткаруунун берилген алгоритмин) аткара билүүсү менен мүнөздөлөт.

**Экинчи деңгээл (продуктивдүү)** окуучулар жөнөкөй ишмердикти аткаруу, ал ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалда колдонуу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

**Үчүнчү деңгээл (креативдүү)** окуучулардын өз алдынча конструкциялоонун элементтери жана аны негиздөө менен



# Предметтик компетенттүүлүк деген эмне?

Билим берүүнүн мамлекеттик стандартында өзүнчө (предметтик) компетенттүүлүктөр орун алган.

Негизги компетенттүүлүккө караганда жекече мааниге ээ болгон компетенттүүлүк **предметтик компетенттүүлүк** деп аталат.



**Предметтик компетенттүүлүктөргө:**

- окуучулар тарабынан предметти окуп-үйрөнүү учурунда өздөштүрүлгөн,
- предметтик тармакка тийиштүү билимдер жана жөндөмдүүлүктөр,
- окуу предметинин чегинде жаңы билимдерди өздөштүрүүгө,
- окуу, окуу-долбоордук, социалдык-долбоордук абалдарда кайрадан түзүү жана колдонууга багытталган ишмердүүлүктүн түрлөрү,
- илимий ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү,
- негизги теориялар, мамиленин типтери жана түрлөрү боюнча илимий түшүнүккө ээ болуу,
- илимий терминологияны өздөштүрүү, негизги түшүнүктөргө ээ болуу, методдорду жана ыкмаларды үйрөнүү сыяктуу иш-аракеттер кирет.

# Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары:

Баалоо системасы–бул окуучулардын окутуунун жетишкендиктерин диагноздоонун, проблемаларын өлчөөнүн, кайтарым байланышты ишке ашыруунун, коомдогу билим берүүнүн жетишкендиктерин, проблемаларын анын абалын окуучуларга, ата-энелерге, мамлекеттик жана коомдук структураларга жеткирүүнүн негизги каражаты.

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин жана улам алдыга өсүүсүн өлчөөнүн үч түрү колдонулат: ***диагностикалык, формативдик жана суммативдик***

Суммативдик баалоо – окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

**Учурдагы баалоо** ар бир сабактын аягында жалпы класстын окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында аткарылат.

**Аралык баалоо** ар бир теманы өздөштүрүүнүн жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт (окуу модулу).

**Жыйынтыктоочу баалоо** жарым жылдыктын, окуу жылынын жыйынтыктары боюнча, ошондой эле предметти окутууну аяктаганда жыйынтыктоочу аттестация

## Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

**Шыктандыруу**–окуу ишмердигинин маанилүү структуралык компоненти, ал окуучу үчүн иштелип чыккан ички шыктануу анын калыптангандыгынын негизги критерийи болуп саналат.

Шыктандыруу баланын бардык эле окуу предметтеринин материалдарын эмес, бала өзүнө зарыл болгон материалды өздөштүрүүсүнө түрткү берет.

Тематикалык пландарды, кандайдыр сабактардын тематикалык пландарын иштеп чыгууда, көрсөтмө материалдарды топтоодо же окутууга керектүү материалдарды топтоодо алардын мазмуну окуучуну канааттандыргандай болуп, кийинки жаңы окуу ишмердүүлүктөрдүн калыптанышына таяныч билим катары кызмат кылгандай болуусу керек.

**Окуп үйрөнүүдө ички шыктандырууну калыптандыруунун жолдору**:

- балдардын турмуштук тажрыйбаларын талкуулоо;
- проблемалык кырдаал түзүү;
- оюндагы иштерди аткаруудагы көрсөтмөлүүлүк;
- стандарттык эмес маселелерди аткаруу менен тажрыйбаны жана логиканы өнүктүрүү;
- ишмердүүлүккө кызыктыруунун элементтери менен иштөө: кроссворддор, сканворддор, ребустар, чыгармачылык түзүмдөр баяндама ж.б.
- коркутуу, кооптонуу жаратпастан, таанып-билүүгө шарт түзүлүшү керек; кайтарым байланыш өз убагында болушу керек;
- жакшы жактарын белгилөө керек. Негативдүү кайтарым байланыш өтө конкреттүү болуп, окуучуга эмес, иштин мүчүлүш жактарына багытталуусу зарыл;

кемчиликтер эңдин көзүнчө айтылып, кемсинткен сөздөр колдонулбоого тийиш.

Көңүл бурганыңыздарга

чоң рахмат!